**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК СТАТИСТИКА КОМИТЕТИ**

**НАЦИОНАЛЬНЫЙ СТАТИСТИЧЕСКИЙ КОМИТЕТ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# БУЙРУК

# ПРИКАЗ

26 апреля 2019г № 52 **Бишкек ш.**

**Мамлекеттик статистика органдары тарабынан юридикалык жана жеке жактарга көрсөтүлө турган мамлекеттик кызматтардын административдик регламенттерин бекитүү жөнүндө**

«Мамлекеттик жана муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн административдик регламенттерин иштеп чыгуу жана оптималдаштыруу тартиби жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 16-январындагы №26 токтомун аткаруу үчүн Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети жана аймактык мамлекеттик статистика органдары тарабынан көрсөтүлө турган мамлекеттик кызматтардын сапатын жогорулатуу боюнча милдеттерди ишке ашыруу максатында, **буйрук кылам:**

1. Мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн төмөнкү административдик регламенттери бекитилсин:

- «Статистикалык байкоолорду жүргүзүү, статистикалык маалыматтарды берүү, ошондой эле Статистикалык иштердин программасында каралбаган, маалымат-маалымдамалар менен колдонуучуларды тейлөө» (мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн Бирдиктүү реестринин (тизмесинин) 6-главасынын 8-пункту);
- «Юридикалык жана жеке жактар үчүн (кагаз версиясындагы) статистикалык маалыматтарды көбейтүп басып чыгаруу, мамлекеттик органдардын ведомстволук статистикалык отчеттуулуктарынын формаларын көбөйтүп басып чыгаруу» (мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн Бирдиктүү реестринин (тизмесинин) 7-главасынын 1-пункту).

2. Улутстаткомдун жооптуу адистери юридикалык жана жеке жактарга мамлекеттик кызматтарды көрсөтүү учурунда мамлекеттик кызматтардын административдик регламенттерин сактоону камсыз кылышсын.

3. Статистиканы уюштуруу жана координациялоо бөлүмү (Ермекбаева Г.), Адам ресурстары эл аралык кызматташтык башкармалыгы (Байматова Л.), Улутстаткомдун БЭБ (Шакулов А.), коррупциянын алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуу кызматкери (Оморова М.) жумушчу комиссия менен биргеликте бекитилген административдик регламенттерди практика жүзүндө ишке ашыруу боюнча тийиштүү иш-чаралардын комплексин (планын) иштеп чыгышсын.

4. Улутстаткомдун БЭБ, облустук жана шаардык, райондук жана шаардык мамлекеттик статистика башкармалыктарынын жана бөлүмдөрүнүн жетекчилери административдик регламенттерди ишке киргизүүдөн келип чыккан, түзүмдүк бөлүмдөр жөнүндө жоболорго жана кызматчылар жана адистер үчүн кызматтык нускамаларга тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүүнү камсыз кылышсын.

5. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоо Төраганын орун басары А. Орозбаевге жүктөлсүн.

**Төрага** **А. Султанов**